*УДК: 494.3:492*
*DOI: 10.35254/bhu/2021.58.69*

*Сон М.,*
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*аспирант*

## КЫРГЫЗ ЖАНА КОРЕЙ ТИЛИНИН АЛТАЙИСТИКАДА ИЗИЛДЕНИШИ

***Кыскача мазмуну***

*Макалада тектеш жана тектеш эмес тилдерди өз ара салыштырма планда иликтөө жүргүзүлдү. Андыктан тил илиминде кыргыз, корей тилинин алтайистикада изилдениши, үй-бүлөлүк топторго ажырашы каралды. Кыргыз жана корей тилинин тарыхы иликтөөгө алынып, алтайистикадагы жакындыгы салыштырылып каралуусу макаланын темасынын актуалдуулугун аныктайт.*

*Кыргыз-корей тилдерин салыштырууда түрк тилдеринин өнүгүү тарыхы өз учурунда алтай тилдеринин тарыхы менен тыгыз байланышта өнүгүп отурганын тилдик фактылардан көрүүгө болот. Алар урал тилдери менен генеалогиялык классификацияда бирдиктүү урал-алтай үй-бүлөсүнө бириккен. Кыргыз тили түрк тилинин бир бутагы, ал эми корей тили манчжур-тунгус бутагынан бөлүнүп чыккандыктан алтай тилдери теориясы түрк, монгол, манчжур-тунгус тилдерин камтуу менен, алардын бир булактан тарагандыгын аныктайт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз тили, корей тили, алтайистика, уралистика, унификация, генетика, алтай бүлөсү, классификация.*

## ИЗУЧЕНИЕ КЫРГЫЗСКОГО И КОРЕЙСКОГО ЯЗЫКОВ НА АЛТАЕ

***Аннотация***

*В статье проводится сравнительное исследование родственных и неродственных языков. Поэтому в лингвистике рассматривалось изучение кыргызского и корейского языков в алтайоведении и деление на семейные группы. Актуальность темы статьи определяется изучением истории кыргызского и корейского языков и сопоставлением их сходства в алтайоведении.*

*Сравнивая кыргызский и корейский языки, из лингвистических фактов видно, что история развития тюркских языков в свое время тесно связана с историей алтайских языков. Они объединены в единую урало-алтайскую семью по уральским языкам и генеалогической классификации. Поскольку кыргызский язык является ветвью тюркского языка, а корейский язык отделен от маньчжурско-тунгусской ветви, теория алтайских языков, в том числе тюркских, монгольских, маньчжурско-тунгусских языков, определяет их происхождение из единого источника.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызский язык, корейский язык, алтайистика, уралистика, унификация, генетика, алтайская семья, классификация.*

## STUDYING KYRGYZ AND KOREAN LANGUAGES IN ALTAI

***Abstract***

*The article provides a comparative study of related and unrelated languages. Therefore, linguistics considered the study of the Kyrgyz and Korean languages in Altai studies and the division into family groups. The relevance of the topic of the article is determined by studying the history of the Kyrgyz and Korean languages and comparing their similarities in Altai studies.*

*Comparing the Kyrgyz and Korean languages, it is clear from the linguistic facts that the history of the development of the Turkic languages at one time is closely connected with the history of the Altai languages. They are united into a single Ural-Altai family according to the Uralic languages and genealogical classification. Since the Kyrgyz language is a branch of the Turkic language, and the Korean language is separated from the Manchu-Tungus branch, the theory of the Altai languages, including the Turkic, Mongolian, Manchu-Tungusic languages, determines their origin from a single source.*

***Key words:*** *Kyrgyz language, Korean language, Altai studies, Ural studies, unification, genetics, Altai family, classification.*

Кайсы калктын болсо да басып өткөн тарыхынын байыркы башаты өзгөчө орунда турат. Бүгүнкү күндө тил илиминде тектеш жана тектеш эмес тилдерди өз ара салыштырма планда иликтөө актуалдуу маселе болуп эсептелинет. Тектеш тилдерге терең изилдөө жана тарыхый салыштырууларды жүргүзүү азыркы күндө тил илиминде негизги маселелердин бири болуп саналат. Андыктан макалада кыргыз жана корей тилинин тарыхы иликтөөгө алынып, алтайистикадагы жакындыгы салыштырылып каралуусу теманын актуалдуулугун аныктайт.

Түрк тилдеринин өнүгүү тарыхы өз учурунда алтай тилдеринин тарыхы менен тыгыз байланышта өнүгүп отурганын тилдик фактылар ачык күбөлөйт.

Тектеш тилдер топторго бириктирилет, андан кийин унификация этап-этабы менен ишке ашырылат: топтор бутактарга, ал эми бутактар - узак убакыт бою классификациянын эң ири топтору катары эсептелген үй-бүлөлөргө ажырайт. Мындай этап-этабы менен биригүү тилдик тууганчылыктын барган сайын байыртадан келе жаткан абалын ырааттуу кайра куруу катары каралат. Мисал катары алсак кыргыз жана алтайлыктардын ата-бабалары арасында тыгыз жана узак убакытка чейинки байланыштын негизинде бул тилдердин ортосунда жакындыктар пайда болду жана б.а., алгачкы миңинчи жылдын ортолоруна карай Енисей жазуусу менен бирге бир топту, тактап айтканда, "Енисей" тобун түзүштү (Батманов, Арагачи, Бабушкин. 2006.2). [1, 157].

Алгач алтай тилдеринин мамилеси жөнүндө 19-кылымдын орто ченинде эле айта башташкан. Алар урал тилдери менен генеалогиялык классификацияда бирдиктүү урал-алтай үй-бүлөсүнө бириккен. Бирок кийинчерээк эки уралистика жана алтай таануу олуттуу өнүгүүгө ээ болуп, салыштырмалуу деңгээлдеги эки түрдүү топ, урал жана алтай тил үй-бүлөлөрү жөнүндө сөз кылуу адатка айланган. Алтайлыктардын бир бөлүгү катары бардык компаративисттер, негизи анын бар экенин тааныган алтай тилдеринин генетикалык байланышын колдогондор, атап айтканда, Б.Я.Владимирцов, Е.Д.Поливанов, Н.Н.Поппе жана Г.И.Рамстедт азыркы ата мекендик алтайисттердин көпчүлүгү да изилденип жаткан генетикалык топ деп эсептешет. Үч бутак ишенимдүү түрдө айырмаланат: түрк, монгол жана тунгусо-манчжур. Алтай тилдер үй-бүлөсүнүн бар экенин таанытбагандар булар эки топко бөлүнөт: Биринчи топ - алтай тилдеринин туугандыгын моюнга алган, бирок аны ири топторго, биринчи кезекте ностратикалык макро үй-бүлө деп аталган гипотезага кошкондугуна байланыштуу «антиалтайисттер» деп аташат. Анын бар экендиги биринчи жолу даниялык Х. Педерсен жана советтик тилчи В.М.Ильич-Свитич тарабынан иштелип чыккан. Ностратикалык үй-бүлө дагы көптөгөн башка тил үй-бүлөлөрүн камтыйт. Анын ичинде индо-европа тили менен славян тили да анын бутактарынын бири болуп саналат. Экинчи топ - алтай тилдеринин туугандыгын принципиалдуу түрдө четке кагып, алардын ачык окшоштугуна ар кандай өтө экзотикалык түшүндүрмөлөрдү сунуш кылган «контралтаисттер». Эң атактуу жана ырааттуу "контралтаист" немис компаративисти Г.Дёрфер болгон [2, 13]. Мындан тышкары, көптөгөн авторлор көптөн бери корей жана жапон тилдерин алтай үй-бүлөсүнө киргизген. Эскимос-алеут тилдери алтай тилдерине таандык деген гипотеза да айтылган, бирок дээрлик эч ким колдогон эмес. Алтай тилдер үй-бүлөсүнүн постулатына болгон негизги окшоштукту алтай бүлөсүнө таандык тилдердин, өзгөчө түрк жана (өтө көп эмес) монгол тилдеринин, кээде түрк-монгол бутагына айкалышкан өтө интенсивдүү байланыштар менен байланыштырууга негиз бар. Ал эми ар түрдүү тунгус-манчжур жана жапон-корей тилдик байланыштардын ролу жана жалпысынан конвергенттик өнүгүү мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү маселе салыштырмалуу тарыхый (жалпысынан) лингвистикадагы эң талаштуу маселелердин бири болуп саналат.

Алтай тилдер үй-бүлөсүнүн бардык бутактары бар-жокпу жалпы ата-баба тили, же алардын жакындыгы, жок эле дегенде, жарым-жартылай контакттык-аймактык болуп саналат.

Алтай тилдери теориясы түрк, монгол, манчжур-тунгус тилдерин камтуу менен, алардын бир булактан тарагандыгын аныктайт. Ошентсе да, алтай тилдеринин бүлөсүнө кирген тилдер тууралуу бир беткей пикир жок. Алсак, венгер окумуштуусу Б.Мункачи корей, жапон жана урал-алтай тилдери "ostyrus" деген байыркы баба тилинен бөлүнүп чыкканын белгилеп, урал-алтай тилдерин батыш же урал тилдери жана чыгыш же алтай тилдери деп эки бутакка бөлүп карайт. Ал эми алтай тилдери кийинчерээк эки топко бөлүнгөндүгүн көрсөтөт: 1) тунгус-манчжур; 2) түрк-монгол [3, 37]. Ал эми Б.Я.Владимирцов "Сравнительная грамматика монгольского письменного языка и халхалского наречия" (1929) деген эмгегинде алтай тилдерин төмөндөгүдөй бөлүштүргөн: 1. жалпы монгол-түрк; 2. жалпы тунгус тилдери [4, 47]. Ал монгол тилдери түрк, тунгус тилдери менен тектеш деп эсептеп, алардын бир тилдин эволюциялык өнүгүшүнүн негизинде келип чыккандыгын лексикалык жалпылыктарга таянуу менен белгилейт: "баба алтай тили бизге белгисиз, бирок алтай тилдери, тактап айтканда, монгол, түрк жана тунгус тилдери белгилүү" [5, 45]. Белгилүү түрколог Г.И.Рамстедт тунгус-манчжур, түрк, монгол тилдери менен катар корей тилин чогу карайт. Кореяга барган көп жылдык иш сапарынын жыйынтыгында, корей тили менен түрк тилдеринин ортосунда көп лексикалык жалпылыктардын бар экендигин белгилеген. Ошондой эле түрк жана корей элинин алтай тил бүлөсүнүн түштүк аймагында, ал эми тунгус жана манчжур элинин түндүк аймагында жашаса керек деп болжолдогон [6, 15]. Г.И.Рамстедттин айткандарына таянып, Н.Поппе алтай тилдерин эки топко бөлүштүрөт: 1) түрк-монгол-тунгус-манчжур тил бүлөсү; 2) байыркы корей тили. Н.Поппе байыркы корей тилинин баарынан биринчи бөлүнүп кеткендигин жана анын түрк тилдерине караганда фонетикалык белгилери боюнча тунгус-манчжур тилдерине жакын экендигин көрсөтөт [7, 6].

Дж.Киекбаев Б.Мункачинин жапон, корей тилдери урал-алтай тилдеринен тараган эмес, алар байыркы "ostyrus" баба тилинин эки бутагы катары караган пикирин колдогон [8, 30]. Карл Генрих Менгестин "Түрк элдери жана алардын тилдери" (2000) аттуу эмгегинде алтай тилдерине түрк, монгол жана тунгус тилдери кирет деп, ал эми корей жана жапон тилдери алтай тилдерине жакын болушу ыктымал деп эсептегенин айткан. Ал Рой Эндрю Миллердин "Япон тилдери жана башка алтай тилдери" (Чикаго,1971) аттуу китебине таянып, жапон тилинин алтай тилдери менен тектеш экендиги толугу менен далилденди деп ишенимдүү белгилеген. Ошону менен катар эле Рю-Кю аралдарынын диалектилери жапон тилдери менен тектеш экендиги мындан бир нече жыл мурун Хаттори Широ тарабынан тастыкталганын билдирип, алтай тилдерин төмөндөгүдөй бөлүштүрөт: "алтай тилдерине алты тилдик топ кирет, алардын үчөө – түрк, монгол, тунгус тилдери – ички топту түзсө, калган үчөө – корей, япон, рю-кю тилдери – тышкы топту түзөт" дейт [9, 11].

Алтай тилдеринин бүлөсүнө кирген тилдер тууралуу ар түрдүү көз караштардын келип чыгышы, бул топтогу тилдерге көп кырдуу изилдөөлөрдү жүргүзүүнү талап кылат.

Алтай тил бүлөсү кайсы доорго таандык экендиги тууралуу алгачкы маалымат Н.А.Баскаковдун классификациясында берилет: 1) алтай доору; 2) хун доору; 3) байыркы түрк доору (V-X к.) 4) орто кылымдагы түрк доору (X-XV к.); 5) жаңы түрк доору (XV-XIX к.); 6) жаңы доор (XIX-XX к.); 7) түрк тилдеринин Октябрь революциясынан кийинки өнүгүшү [10, 72]. Мында алтай доору кайсы кылымга туура келери аныкталган эмес. Бирок ал түрк тилдеринин алтай тилдеринен тарагандыгын, тактап айтканда, байыркы түрк доору V-X кылымдарга туура келерин көрсөтөт.

Салт боюнча алтай тил үй-бүлөсү түрк, монгол, тунгус-манчжур, корей жана жапон-рюкюй тилдерине бөлүнөт. Түрк жана монгол тилдери биздин заманга чейинки 4-миң жылдыкка чейин болгон деп эсептешет. Түрк тили: монгол биримдиги, же алтай үй-бүлөсүнүн батыш бутагы. Чыгышта тунгус-манчжур-япон-корей биримдиги жайгашкан, ал биздин заманга чейинки 3-миң жылдыкта тунгус-манчжур жана жапон-корей тармактарына ыдырап кетишкен. Акыркысынын бөлүнүшү 4-кылымда болгон. Жапондор жапон аралдарына көчүп келип, б.з.ч. ал жерде палео-азиялык Айну уруулары менен аралашып кеткен.

Алтай уруусунун корей бутагын бир эл – корейлердин өздөрүн көрсөтөт. Бул элдин этногенезине палео-азиялык, прото-алтай, австронезиялык уруулар катышкан болсо керек [11]. Бүгүнкү күндө корейлер эки заманбап көз карандысыз мамлекеттин (КЭДР жана Корея Республикасынын) эли.

***Адабияттар***

1. *Челик Ф. Кыргыз тилинин түштүк сибирь түрк тилдери менен болгон фонетикалык байланышы. / Ф.Челик. // БГУ Жарчысы, -2014. - №1 (27). – 157-160 б.*

2. *Паршин П.Б. «Алтайская цивилизация»: историческая реалия, конъюнктурная идеологема или перспективный бренд? / П.Б.Паршин. Аналитические доклады. Выпуск 1 (50) Институт международных исследований. – М.: 2019.*

3. *Munkacsi B. Azural-altajak nepek. / B.Munkacsi. Egyetemes Irodolom tőrtenet. 4 kőtet. – Budapest, 1911. – 37 s.*

4. *Виноградов В.В. Словообразование в его отношении к грамматике и лексикологии. / В.В. Виноградов. // Вопросы теории и истории языка. – М.: 1929. – 47 с.*

5. *Виноградов В.В. Словообразование в его отношении к грамматике и лексикологии. / В.В. Виноградов. // Вопросы теории и истории языка. – М.: 1929. – 45 с.*

6. *Рамстедт Г.И. Введение в алтайское языкознание. / Г.И. Рамстедт. – М., 1957. – 15 с.*

7. *Poppe N. Vergleichende Grammatik der altaischen Sprachan. 1 Tail. / N.Poppe. Vergleichende Lautlehre. –Wie sbaden, 1960. – 6 s.*

8. *Киекбаев Дж. Введение в урало-алтайское языкознание. / Дж.Киекбаев. - Уфа, 1972. – 30 с.*

9. *Менгес К.Г. Түрк элдери жана алардын тилдери: Түркологияга киришүү / К.Г. Менгес. – Б.: Кыргызстан – Сорос фонду, - 2000. – 11 б.*

10. *Баскаков Н.А. Тюркские языки. / Н.А.Баскаков. – М.: Изд. вост. лит., 1960. – 72 с.*

11. *Народы алтайской языковой семьи... – Кочевники Великой ...: сайт. [Электронный ресурс]. – Режим доступа:http://xn----ptblgjed.xn--p1ai/node/1162#(дата обращения 3.01.2022г.).*